**ОшМУнун социалдык-гуманитардык дисциплиналар кафедрасынын усулдук кеңешинин кезектеги жыйынынын**
**№2 ПРОТОКОЛУ**

2022-жылдын, 14-октябры
Төрайымы- ф.и.к., доц. Г.Ж. Орунбаева
Катчы - Т. Ө. Кыдырова
Катышкандар: 20

**КҮН ТАРТИБИ:**

1. Устат-шакирт системасы. Тажрыйбалуу окутуучуларгы шакирттерди бекитүү;
2. Өз ара сабактарга катышуу графигин түзүү, бекитүү.
3. Ар түрдүү маселе:

**Угулду:** Усулдук кенештин төрайымы Г.Орунбаева –"Устат-шакирт" системасы методикалык жактан жаш окутуучуларга эң зарыл.Бул ситемага түшүп, көп жылдардан бери иштеп келе жатат. Анын натыйжасында жаш окутуучуларга көмөк, сунуш берүү менен алардын өсүшүнө жана билим сапатын жогорулатууга кошкон салымыбыз. Ошого байланыштуу кафедрадан жаш окутуучуларга устаттарды сунуштасаңыздар.

**Сөзгө чыкты:**

Улук окутуучу Р. Дыйканбаева: Эжеке туура белгилеп өттү. Мисалы, менин шакиртим болуп бир топ жылдан бери Т.Иманкулова эжекебиз жүрөт. Биз бир топ жакшы иштерди уюштурдук. Кандайдыр бир деңгээлде өз салымымды коштум деп ойлойм. Мен кафедранын жаш окутуучулары Төрөбай кызы Заринага Райкан Апжапаровнаны сунуштайм. Анткени, багыттары бир, тажрыйбасы мол эжекенин.

Улук окутуучу А. Маматова – жогоруда эжекелер белгилеп өткөндөй, бул жакшы жана пайдалуу иш-аракет. Мен, Т.Кыдыровага ф.к.и., доцент М. Исаеваны сунуштайт элем. Эжеке өзүнүн усулдары менен эле бөлүшпөстөн, илими менен да бөлүшөт деп ойлойм.

Кафедранын калган мүчөлөрү баары колдошту.

**II маселе. Өз ара сабактарга катышуу графигин түзүү, бекитүү.**

**Угулду:** Усулдук кенештин төрайымы Г.Орунбаева, окутуучулардан такталып, берилген сабактардын темасы жана өтүү убактысын дагы бир жолу белгилеп,түзүлгөн график менен тааныштырды. Кафедранын мүчөлөрү макулдугун билдиришти.

**III маселе.**

**Ар түрдүү маселелер:**

Г.Орунбаева, тажрыйбалуу окутуучулардын тажрыйбасын бөлүшүү максатында ар бир жыйында, окуу процессиндеги педагогикалык кырдаалдар жана алардан чыгуунун жолдору боюнча маалымат берип туруусун өтүндү.

Жогорудагы маселелерди карап чыгып жана окутуучулардын ой-пикир, сунуштарын эске алуу менен усулдук кенештин кезектеги жыйыны төмөнкүдөй

**токтом кылат:**

1. Кафедранын сунушу менен «Устат-шакирт" системасы боюнча Төрөбай кызы Заринага - Ысмаилова Райкан Апжапаровна жана Т. Кыдыровага ф.к.и., доцент Исаева Мактым Абдыкеримовна бекитилсин;
2. Ар жыйында тажрыйбалуу окутуучулардын кенеши, маалыматты берилсин;

**Усулдук кенештин жетекчиси** **Г.Ж. Орунбаева**
**Катчы** **Т.Ө. Кыдырова**